| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН<br>МЭРИЯСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МЭРИЯ ГОРОДА<br>СУЛЮКТА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

____________№______ Сүлүктү ш.

**Сүлүктү шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-июлундагы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө №44 токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө" № 137 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 19-январындагы "Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 1-августундагы № 193-б буйругуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө" №01-12/4 буйругун аткаруу максатында, **токтом кыламын:**

1. Сүлүктү шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-июлундагы "Кыргыз Республикасынын Президентинин "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө" №137 Жарлыгы ишке ашыруу жөнүндөгү" №44 токтому менен бекитилген, 2025-2030-жылдарга Сүлүктү шаарында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш чаралар планына (2025-2027-жылдардын орто мөөнөтүү мезгилинде I этап үчүн) толуктоо катары 2026-2027-жылдарга иш чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркелет. )

2. Сүлүктү шаарынын мекеме ишканаларына; Сүлүктү шаарында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча 2026-2027-жылдарга иш-чаралардын планы жеткирилсин, белгиленген иш-чараларды өз убагында жана сапатуу аткаруу үчүн жоопкерчилик жүктөлсүн.

- Иш-чаралар планын жүзөгө ашырууга Сүлүктү шаарында тартылган тиешелүү шаардык мекеме-ишканалар:
- Иш-чаралар планы белгиленген милдеттерди мөөнөтүндө аткаруу боюнча чараларды көрсүн;
- Иш-чаралар планынын негизинде өз иш пландарын иштеп чыгуу менен аткарууга алынсын;

3. Бул токтом Сүлүктү шаарынын прокуратурасына маалымат иретинде жиберилсин.

4. Жогоруда аталган пландын аткарылышы боюнча 1-маалыматты Сүлүктү шаарынын мэриясынын коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Н.Жолдошовго, **2026-жылдын 23-январына,** ал эми кийинки маалыматты ар бир квартал сайын отчёттук мезгилден кийин

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

айдын 3-числосунан кечиктирбестен иш-чаралар планы менен берип турушсун.

5. Токтомунун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси Д.Д.Балтабаевге жүктөлсүн.

**Мэр** **Б.Ш.Абдыжапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Абдыжапаров Б.Ш.